БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ МУГАЛИМДИН КЕП МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Ош мамлекеттик университети

Мамрасулова Айгул Бдербековна
aigul.mamrasulova@mail.ru

Токтосунова Замирахан Рыскуловна
ztoktosunovaoshsu@gmail.com

Эркебаева Гулбара Жегеталиевна
gulbara07.79@mail.ru

Аннотация:

Бул макалада билим берүү процессинде мугалимдин кеп маданиятын өркүндөтүүнүн мааниси жана жолдору талкууланат. Мугалимдердин кеп маданияты билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн негизги фактор болуп эсептелинет. Маалыматтарды ачык жана түшүнүктүү берүү, терең анализ жана критикалык ой жүгүртүү – бул мугалимдердин кеп маданиятынын негизги компоненттери.

Кеп маданиятын өркүндөтүүнүн бир нече жолу каралат, анын ичинде практикалык семинарлар, тренингдер жана кесиптик өнүгүү программалары. Ошондой эле, мугалимдердин кеп маданиятын өркүндөтүүдө интерактивдүү методдорду, технологияларды жана билим берүү платформаларын колдонуу сунушталат. Мугалимдердин арасында уюштурулган кесиптик талкуулар, пикир алмашуулар жана жекече сабактардын алкагында талкууланган темалар алардын кеп маданиятын жогорулатууга жардам берет.

Мугалимдердин кеп маданиятын жогорулатуу менен эле чектелбестен, бул процессте студенттердин активдүү катышуусун камсыз кылуу да маанилүү. Студенттер менен мугалимдердин ортосундагы ачык диалог билим берүүнүн сапатын жогорулатат. Ушунун негизинде, макала мугалимдердин кеп маданиятынын өнүгүүсү билим берүү системасынын жалпы сапатына кандай таасир этээрин көрсөтөт.

Ачкыч сөздөр: мугалим, кеп маданияты, билим берүү процесси, интерактивдүү методдор, кесиптик өнүгүү, студенттер, сапат, диалог, билим берүү системасы.

ПУТИ УЛУЧШЕНИЯ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ УЧИТЕЛЯ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ

Мамрасулова Айгуль Бдербековна
Ошский государственный университет
aigul.mamrasulova@mail.ru

Аннотация:

В данной статье обсуждаются значение и пути улучшения речевой культуры учителя в

процессе обучения. Речевая культура педагогов является основным фактором, способствующим повышению качества образования. Четкое и доступное представление информации, глубокий анализ и критическое мышление — это основные компоненты речевой культуры учителей.

Рассматриваются различные способы повышения речевой культуры, включая практические семинары, тренинги и программы профессионального развития. Также предлагается использование интерактивных методов, технологий и образовательных

платформ для улучшения речевой культуры учителей. Профессиональные дискуссии, обмен мнениями и обсуждаемые темы в рамках индивидуальных уроков способствуют повышению их речевой культуры. Не менее важно обеспечить активное участие студентов в этом процессе, а не ограничиваться только повышением речевой культуры учителей. Открытый диалог между студентами и преподавателями повышает качество образования. На этой основе статья показывает, как развитие речевой культуры учителей влияет на общее качество образовательной системы.

Ключевые слова: учитель, речевая культура, процесс обучения, интерактивные методы, профессиональное развитие, студенты, качество, диалог, образовательная система.

Киришүү.

Билим берүү процессинде мугалимдин кеп маданияты окуучулар менен натыйжалуу байланышты түзүүнүн негизги элементтеринин бири болуп саналат. Кеп маданиятын өркүндөтүү азыркы учурда өзгөчө актуалдуу болуп жатат, анткени билим берүү жаатындагы сапатты жогорулатуу мугалимдин коммуникациялык жөндөмдөрүнө түздөн-түз байланыштуу. Мугалимдин сөзү түшүнүктүү, так жана кызыктуу болгондо, студенттердин билимге болгон кызыгуусу күчөйт жана аларды окуу процессине активдүү тартууга шарт түзүлөт. Ошол эле учурда мугалимдин кеп маданияты анын кесиптик ишмердүүлүгүнүн деңгээлин чагылдырып, студенттерге образы аркылуу таасир этет. Заманбап билим берүү чөйрөсүндө кеп маданиятын өркүндөтүү – бул ар тараптуу өнүгүүнү талап кылган татаал процесс. Анда мугалимдин фонетикалык, лексикалык, грамматикалык жана стилистикалык аспектиде сөздү туура пайдалануу жөндөмү өзгөчө орунда турат.

Ошондой эле, жаңы педагогикалык технологиялардын, маалыматтык-коммуникациялык ыкмалардын өнүгүшү мугалимдин кеп маданиятын жаңы деңгээлге көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул макалада мугалимдин кеп маданиятын өркүндөтүүнүн зарылчылыгы жана негизги жолдору изилденет. Анын ичинде, сөздүк корду байытуу, интонацияны туура пайдалануу, так жана түшүнүктүү сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү сыяктуу аспектилер каралып, заманбап билим берүү процессинде кеп маданиятын жогорулатууга жардам берген интерактивдүү ыкмалар талданат. Студенттердин билимди эффективдүү өздөштүрүүсү жана сабакка болгон кызыгуусу мугалимдин сөзүн так, түшүнүктүү жана туура айта билүүсүнө жараша болот. Кеп маданиятын өркүндөтүү мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнө, ошондой эле жалпы билим берүү чөйрөсүнүн сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт. Заманбап технологиялардын өнүгүшү менен окутуу процессине болгон талаптар өсүүдө, жана бул шарттарда мугалимдердин кеп маданияты жаңы деңгээлге чыгышы керек.

Мугалимдердин кеп маданияты билим берүүдө маанилүү роль ойногондуктан, бул тема ар кайсы өлкөлөрдө жана тилдерде илимий жана практикалык изилдөөлөрдүн объектиси болуп келген. Орус, кыргыз, англис тилдеринде кеп маданиятын өркүндөтүү боюнча ар түрдүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Көпчүлүк изилдөөлөр мугалимдердин кеп маданиятын жакшыртуу алардын кесиптик натыйжалуулугун арттыра турганын көрсөтөт. Кеп маданияты жана педагогикалык коммуникация боюнча окумуштуу Б.Головин кантип туура сүйлөө керектиги тууралуу жазган эмгегинде сүйлөө маданияты боюнча жалпы түшүнүк берүү менен, заманбап орус тилинин нормалары жөнүндө маалымат берген{1}, бул багытта тил нормаларын бузуунун эң көп кездешкен учурлары талданат. Бул боюнча кеп маданияты сүйлөшүүнүн коммуникативдик сапаттарынын жыйындысын, системасын изилдөөчү илим деген да көз карашты билдирген педагог окумуштуу С.Ж.Мусаев сүйлөшүүнүн коммуникативдик сапаттарына: анын тууралыгы, тазалыгы, түшүнүктүүлүгү,

образдуулугу, адептүүлүгү, орундуулугу, таасирдүүлүгү кирээрин белгилейт{2}. Кеп маданияты адамдардын сүйлөшүү маданиятын жана алардын жалпы эле маданиятын, адеп-ахлагын, ички жан дүйнөсүн өнүктүрүү максатын иликтеген А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, Ж.Чыманов, В.Мусаева, А.Мукамбетовалар сыяктуу окумуштуулардын эмгектери бул тармактын өнүгүшүнө негиз болуп берди.

Кыргыз билим берүү системасында болсо, кеп маданиятын өркүндөтүү боюнча атайын методикалык окуу куралдары жана атайын тренингдер түзүлүп, колдонулуп келе жатат. Кийинки мезгилдерде кеп маданиятын жакшыртуунун, өркүндөтүүнүн социалдык зарылчылыгы артып, бир катар кыргыз тилчиметодист окумуштуулар тил илиминин бул тармагын изилдеп, анын теориясын иштеп чыгууга өз салымдарын кошушкан. Атап айтсак, алар: Б.Орузбаева, А.Жапаров, С.Давлетов, А.Садабаев, С.Мусаев, С.Рысбаев, Ж.Дүйшеев, А.Чолпонбаева, В.Мусаева, Ж.Мукамбаев, Т.Аширбаев, Ж.Чыманов, К.Добаев, К.Биялиев, С.Өмүралиева, Б.Усубалиев, Б.Исаков, Т.Маразыков ж.б. Орус тилинин кеп маданияты боюнча Б.Н.Головин, Т.А.Ладыженская, А.А.Акишина, В.Е.Гольдин ж.б. эмгектери бар.

Изилдөөлөр кеп маданияты адабий тилдин нормасына таянып, жалпы принциптерди бузбай сактоо, жагдайга, шартка ылайык оозеки жана жазуу иштерин түшүнүктүү, даана, так, көркөм, жатык бере билүүнү көздөйт. Ар бир сөздү өз ордуна, ылайыгына жараша колдонуп сүйлөп, жаза билүү – оор, машакаттуу иш. Ар бир сөздүн кыябын таап, кынай сүйлөй билүү ар дайымкыдай мезгил талабы боюнча актуалдуулугун жоготпойт. Ал нечендеген доордун, жүздөгөн кылымдардын жемиши катары өтө этияттык менен иргелип, элдин элегинен, учурдун сыноосунан өтүп, түгөнгүс кенч катары калыптанат.

Маданияттуу кеп бардык эле гуманитардын илимдерде өзүнүн айтылышында азыркы орфоэпиянын нормасына, жазуу жүзүндө орфографиялык жана пунктуациялык эрежесине туура келгидей болуу керек. Ошондой эле оозеки жана жазуу кептеринде морфологиялык жана синтаксистик нормаларды сактоо талапка ылайык. Бул изилдөөдө мугалимдин кеп маданиятын өркүндөтүүнүн негизги жолдорун аныктоо үчүн сапаттык жана сандык методдор колдонулат{3}. Макаланын изилдөө процесси төмөнкү этаптардан турат.

1. Кеп маданияты, педагогикалык коммуникация жана заманбап технологияларды колдонуу боюнча негизги адабияттарды, илимий эмгектерди жана изилдөөлөрдү теориялык жактан талдоо.

2. Мугалимдер жана студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүү менен мугалимдердин кеп маданиятынын деңгээлин жана анын окутуу процессине тийгизген таасирин баалоо.

3. Сабак учурунда мугалимдин кеп маданиятын колдонуу ыкмаларын, студенттердин кабыл алуу деңгээлин жана алардын сабакка болгон кызыгуусун байкоо аркылуу анализдөө.

4. Топтолгон маалыматтарды талдоо менен кеп маданиятын өркүндөтүү боюнча жыйынтыктар чыгарылып, сунуштарды берүү.

Жалпысынан, изилдөө мугалимдердин кеп маданиятын өркүндөтүүдө натыйжалуу методдорду жана технологияларды колдонуу менен билим берүү процессин өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды берүү максатын көздөйт. Бул изилдөөнү эффективдүү уюштуруу үчүн изилдөө процессин эки негизги этапка бөлүүгө болот:

1. Теориялык негиздерди жана учурдагы абалды изилдөө

Кеп маданияты, педагогикалык коммуникация жана заманбап технологияларды колдонуу боюнча кеңири изилдөөлөр белгилүү илимпоз-лингвисттер: Л.В.Щерба, Н.И. Формановская, Л.П.Якубинский, Ч.Д.Поливанов, Р.А.Будагов, В.В.Виноградов, А.И.Ефимов, Д.Е.Розенталь, С.Е.Ожегов, Н.Г.Головин, Л.И.Скворцов, В.Г.Костомаров ж.б тарабынан жүргүзүлүп, алар мазмундуу жана көлөмдүү эмгектерин жазышкан. Бирок кеп маданияты жөнүндө жогорку окумуштуулардын пикирлери бирдей эмес. Бирөөлөрү кеп маданияты деп – тигил же бул тилде туура сүйлөп жана жаза билүүнү түшүнүшсө, экинчи окумуштуулар кеп маданияты деген ойду жөнөкөй, түшүнүктүү жана логикалуу бере билүү жөндөмдүүлүгү экендигин белгилешкен{4}.

Ал эми үчүнчүлөрү кеп маданияты деп тилдин көркөм жана элестүү каражаттарын билгичтик менен пайдаланууну түшүнсө, төртүнчүсү ойдун так, кыска жана улуттук тилдин өзгөчөлүгү менен берилиши – кеп маданиятынын негизи деп эсептешкен. Ар бир көз караштын өз алдынчалыгы бар, анткени маданияттуу кепте мына ушул белгилердин бардыгы болууга тийиш{5}. Бул изилдөөлөр жана эмгектердин негизинде мугалимдердин кеп маданиятын өркүндөтүүнүн теориялык аспекттери аныкталат жана теманын актуалдуулугу такталат.

Тил илиминдеги кеп маданиятына атайын арналып жарык көргөн алгачкы эмгектердин бири С.Ж.Мусаевге таандык. Анын «Кеп маданиятынын маселелери» деп аталган эмгеги 2010-жылы жарык көргөн. «Кыргыз тил илиминин маселелери» деп аталган жыйнакка да киргизилген. Бул эмгек кептин лингвистикалык табияты, анын сапаттарынын жалпылыгы менен 15 өзгөчөлүктөрү тууралуу бир катар маанилүү маалыматтарды бере алган окуу методикалык курал болуп саналат. Окумуштуу, сынчы К Даутов белгилегендей: “Кеп маданиятынын изилдөө обьектиси – кеп”{6}. Бирок айырмачылыгы стилистика стилди кептик система катары карап, аны пикир алышууга жана кептин функциясына бул системаны түзгөн тилдик каражаттар көз каранды экендигин талдаса, ал эми кеп маданияты өз ара пикир алышууда кептик каражаттарды кандайча колдонуу керек экендигин иликтейт.

Пикир алышуу учурунда сүйлөөчүнүн кепте тилдик каражаттарды туура, орундуу колдонуу менен өз оюн так, түшүнүктүү бериши кеп маданиятына таандык маселелерден. Мугалимдер жана студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүү аркылуу мугалимдердин кеп маданиятынын учурдагы деңгээли, анын окутуу процессине тийгизген таасири бааланат. Бул сурамжылоодо мугалимдердин жана студенттердин кеп маданияты боюнча түшүнүктөрү, көз караштары жана учурдагы көйгөйлөрү аныкталат.

2. Практикалык байкоо жана маалыматтарды талдоон келип чыккан натыйжа катары белгилей кетсек, биринчи этапта кеп жеке мүнөзгө ээ кубулуш катары адамдын жазуу ишмердиги аркылуу тилдик каражаттардын өзгөрүүсүн, анын өнүгүп-өркүндөө тенденциясын аныктайт. Кеп бир эле учурда тилдин жаралып-калыптанышын шарттап, тил аркылуу жашаса, тил да кептин туундусу, казына - кенчи болуу менен кеп аркылуу жашаган каражат катары каралат. Демек, кеп маданияты – тилдин эмес, кептин маани-маңызына жараша аныктала турган проблема. Экинчи этапта, теориялык маалыматтар жана сурамжылоо жыйынтыктары негизинде кеп маданиятын өркүндөтүү боюнча практикалык ыкмаларды байкоо жана баалоо иштери жүргүзүлөт. Азыркы тарбия берүүнүн негизги максаты – ар тараптуу өнүккөн инсанды (анын шык жөндөмүнө, талантына жараша) тарбиялап чыгаруу. Бул максаттын өтөөсүнө толук чыгуу үчүн колдонулуучу эң негизги жана бирден бир курал тилди үйрөтүү, баарыдан мурун, анын жашашын шарттап, турмушка колдонулушун көрсөткөн кепти үйрөтүү болуп саналат. Бул этаптын милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Сабак учурунда мугалимдердин кеп маданиятын колдонуу ыкмаларына байкоо жүргүзүү аркылуу студенттердин сабактагы кызыгуусун жана материалды кабыл алуу деңгээлин анализдөө. Бул иш-чаралар мугалимдин кеп маданиятынын сабакка тийгизген түздөн-түз таасирин көрсөтүүгө жардам берет.

- Топтолгон маалыматтардын негизинде жыйынтыктарды талдоо жана мугалимдердин кеп маданиятын өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу. Бул этапта мугалимдин кеп маданиятын өркүндөтүү үчүн заманбап технологияларды жана интерактивдүү методдорду колдонуу боюнча конкреттүү сунуштар берилет.

- Мугалимдердин кеп маданиятын жогорулатуу менен эле чектелбестен, бул процессте студенттердин активдүү катышуусун камсыз кылуу да маанилүү.Мугалимдердин арасында уюштурулган кесиптик талкуулар, пикир алмашуулар жана жекече сабактар — булар мугалимдердин кеп маданиятын жогорулатууга олуттуу таасир этүүчү ыкмалар. Төмөндө ушул иш-чаралардын ар бири мугалимдин кеп маданиятын өркүндөтүүгө кандайча жардам берери жөнүндө кеңири баяндоо берилет.

- Кесиптик талкуулар — бул мугалимдердин ар түрдүү сабактарда колдонгон ыкмалары, сүйлөө стили жана педагогикалык мамилелери боюнча тажрыйба алмашуусу. Талкууларда сабак берүүдөгү оратордук жана баарлашуу чеберчилигине байланышкан маселелер көтөрүлөт. Мындай иш-чаралардын пайдасы мугалимдердин тилдик деңгээлин байытуу, башкача айтканда, Ар кандай пикирлер жана ой-пикир алмашуулар мугалимдерге жаңы тилдик ыкмаларды үйрөнүүгө жана өз сөз байлыгын кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

- Мугалимдин кеп салуу маданиятына таасир этүүчү жаңы ыкмаларды өздөштүрүү кесиптик талкууларда өзүн так, грамматикалык жана стилистикалык нормаларды сактап билдирүү, эмоцияны туура жеткирүү боюнча натыйжалуу ыкмалар талкууланат.

- Мугалимдин жаңы лексикалык жана фразеологиялык бирдиктерди колдонуу менен башкалардын колдонгон сөздөрүнө жана тилдик курулмаларына көңүл буруу аркылуу өз сөз байлыгын жана стилдик арсеналын кеңейтет.

- Пикир алмашуулар — булар кесиптик чөйрөдө белгилүү бир темага байланыштуу өз көз карашын жана идеяларын билдирүү жана башка кесиптештер менен байланыш түзүү үчүн маанилүү жолдордун бири. Өз ара пикир алмашуулар аркылуу сөздөрдү түшүнүктүү, так жеткирүү көндүмүн өнүктүрүү, пикир алмашуу процессинде ар бир мугалим өз оюн так жана адептүү түшүндүрүүгө аракет кылат. Бул көндүмдөр кеп маданиятынын өркүндөшүнө оң таасир берет.

- Сынчыл ой жүгүртүүнү жана диалог жүргүзүүнү өркүндөтүүдө пикир алмашуулар учурунда ар кандай суроолор жана сын-пикирлер пайда болот, бул мугалимге өз оюн бекемдеп, кээде жаңы көз карашты кабыл алууга жардам берет.

- Ар түрдүү стилистикалык ыкмаларды үйрөнүүдө кесиптештердин сүйлөө стилине байкоо жүргүзүү менен мугалим өзүнүн стилин жана сөздүн структурасын өркүндөтүү үчүн жаңы ыкмаларды ала алат.

- Жекече сабактар — мугалимдердин бири-бирине сабак берүү аркылуу көндүмдөрүн жана билимдерин өркүндөтүүчү иш-чаралар. Бул сабактар кеп маданиятын өркүндөтүүгө уникалдуу шарттарды түзөт. Оратордук чеберчиликти өркүндөтүү сабак берүүдө так жана түшүнүктүү сөздөрдү колдонуу, окуучуларды кызыктыра билүү маанилүү, бул мугалимдин кеп маданиятын жакшыртат.

- Мугалимдин тилдик жана лексикалык көндүмдөрдү практикада колдонуусу сабак учурунда өзүнүн сөз байлыгын жана тилдик көндүмдөрүн натыйжалуу колдонуу аркылуу мугалим аларды күнүмдүк сабак берүү процессинде өркүндөтө алат.

- Өз ара пикир алмашуу жана сын-пикир алышууда жекече сабактарда мугалимдер өз ара сын-пикир алышат, бул алардын кеп маданиятын өркүндөтүү үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Макалада студенттер менен мугалимдердин ортосундагы ачык диалог билим берүү процессиндеги өз ара түшүнүшүүнү, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жана жигердүүлүгүн арттырары жөнүндө сөз болот. Мугалимдин кеп маданияты бул диалогдун өзөгү болуп, анын деңгээли жана сапаты түздөн-түз сабактын натыйжалуулугуна, билимдин сиңиримдүүлүгүнө жана жалпы билим берүү системасынын сапатына таасир этет.

2. **Мугалимдин кеп маданиятынын билим берүүнүн сапатына тийгизген таасири**

Мугалимдин кеп маданияты — бул билим берүү процессиндеги негизги куралдардын бири. Туура, так жана маданияттуу сүйлөө, ар бир окуучуну урматтоо менен мамиле кылуу, ачык диалогду колдоо — мунун баары студенттердин сабакка болгон кызыгуусун жана ишенимин арттырат. Ачык диалог орнотулган жерде студенттердин өз ойлорун эркин айтып, суроо берүү мүмкүнчүлүгү жогорулайт, бул алардын тереңирээк жана сапаттуу билим алуусуна шарт түзөт.

Мугалимдин кеп маданиятынын билим берүү системасынын жалпы сапатына тийгизген таасирин талдоо жана анын ар тараптуу маанисин ачып берүүгө болот. Мугалимдердин кеп маданиятын өнүктүрүүнүн зарылдыгын баса белгилөө менен, билим берүү процессиндеги ачык жана ишенимдүү баарлашуунун маанилүүлүгүн көрсөтүү болуп саналат.

1. Мугалимдин кеп маданиятынын теориялык негиздерин өзөштүргөндө гана анын компоненттери жана билим берүү чөйрөсүндөгү ролу кеңири ачылат.

2. Ачык диалогдун билим берүүдөгү маанилүүлүгү угалимдин кеп маданиятынын өнүгүшүнө, ачык баарлашууга кандайча өбөлгө түзөөрү жана бул фактордун студенттердин окуу процессине таасири практикада ачык көрүнөт.

3. Бул боюнча мугалимдердин кеп маданиятын өркүндөтүү үчүн кандай конкреттүү чараларды көрүү керектиги жөнүндө практикалык сунуштар ар дайым талкууланып туруу керек.

Корутундулоо.

Мугалимдин кеп маданияты жана педагогикалык чеберчилиги — булар билим берүү процессиндеги өз ара түшүнүүнүн, окуучулардын мотивациясын жана сабактын натыйжалуулугун арттыруунун негизги шарттары. Кеп маданияты — бул мугалимдин сөз байлыгынын, так жана адептүү сүйлөө жөндөмүнүн, эмпатиясынын, ошондой эле окуучулар менен ачык жана ишенимдүү баарлашуу куралынын жыйындысы. Мугалимдин кеп маданияты анын кесиптик чеберчилигинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бул чеберчилик канчалык өнүккөн болсо, ошончолук билим берүүнүн сапаты да жогорулайт. Мугалим өзүнүн кеп маданиятын өркүндөтүү аркылуу окуучулар менен жакын байланыш

түзүп, алардын сабакка болгон кызыгуусун арттырат жана билимди тереңирээк түшүнүүгө шарт түзөт. Мугалимдин маданияттуу жана так сүйлөөсү — бул окуучуларга өрнөк гана болбостон, алардын сабакка активдүү катышуусуна да дем берет. Ошол эле учурда, кеп маданиятын өркүндөтүү, ачык диалог жана пикир алмашуу мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу мугалимдин чеберчилигинин бир бөлүгү катары билим берүү чөйрөсүнүн ийгилигине жана окуучулардын өнүгүүсүнө чоң таасир этет.

Ошондуктан, мугалимдердин кеп маданиятын өнүктүрүү — бул билим берүүдө жогорку натыйжаларга жетүүнүн маанилүү шарты болуп саналат. Бул багытта кесиптик талкууларды уюштуруу, пикир алмашуу жана жекече сабактарды өткөрүү сыяктуу иш-чаралар өзгөчө рол ойнойт, анткени булар мугалимдердин чеберчилигин жана кеп маданиятын туруктуу түрдө жакшыртууга өбөлгө түзөт.

Мугалимдин кеп маданиятынын өнүгүүсү билим берүү процессиндеги ачык диалогду өркүндөтүүгө жана, натыйжада, жалпы билим берүү системасынын сапатын жогорулатууга жардам берет. Бул макалада студенттер менен мугалимдердин ортосундагы өз ара түшүнүү, ишеним жана эффективдүү баарлашуу билим берүүнүн маанилүү бөлүгү экендиги көрсөтүлөт.

Бул иш-чаралардын ар бири мугалимдердин кеп маданиятын өркүндөтүүдө чоң роль ойнойт. Кесиптик талкуулар, пикир алмашуулар жана жекече сабактар ар түрдүү тилдик жана педагогикалык ыкмаларды өздөштүрүү, тажрыйба алмашуу жана кеп маданиятын өркүндөтүүдө мугалимдерге жакшы мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай аракеттер билим берүү процессинде сапатты жогорулатуу, ошондой эле окуучуларга түшүнүктүү жана адептүү сабак берүүгө шарт түзөт.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Б. Н. Головин. Как говорить правильно: заметки о культуре русской речи. М., 1988 (3-е изд.)
2. Мусаев, С. Ж. Кеп маданияты жана норма [Текст] / С. Мусаев. – Бишкек, 2001. – 130 б.
3. Мусаев, С.Ж. Кеп маданиятынын маселелери [Текст] / С. Ж. Мусаев. – Бишкек, 1993. – 165 б/
4. Н.И. Формановская. Речевой этикет и культура общения [Текст] / М.: Высш. шк. 1989. -156 с
5. Даанышман кеп: Учкул сөздөр [Текст]: өспүрүмдөр үчүн адабият / [С. Андабеков, Т. Жолдошев, Б. Молдокожоев ж.б.]. – Фрунзе: Даанышман, 1990. – 101 б.
6. Даутов, К. Сөз өнөрүнүн эстетикасы [Текст]: макалалар жыйнагы / К. Даутов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 192 б.